# Шилекей безинин рагын дарылоонун оптималдуу ыкмасын тандоо

**А.Р. Жумабаев [1], Мамажакып уулу Жаныбай [2], Ч.Д. Рыспекова [3]**

*[1] КР ССМ алдындагы Улуттук онкология жана гематология борбору, Бишкек,*
*[2] Ош мамлекттик университети, Ош,*
*[3] И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы, Бишкек,*
*Кыргыз Республикасы*

*Маселенин актуалдуулугу.* Акыркы жылдары шилекей безинин шишиктеринин оорусу онкологиялык оорулардын структурасында өзгөрүүсүз бойдон калууда жана 1-5% ды түзөт. Кыргыз Республикасында жыл сайын шилекей бездеринин залалдуу шишиктеринин 30дан ашуун жаңы учурлары катталат. Дарылоонун хирургиялык этабы шилекей безинин шишигине карата дарылоо жана диагностикалык чаралардын комплексинде негизги бойдон калууда.

*Изилдөөнүн максаты:* шилекей безинин залалдуу эпителий шишиктери менен ооруган бейтаптарды дарылоонун натыйжаларын жакшыртуу.

*Материалдар жана изилдөө методдору.* Изилдөө мезгилинде шилекей безинин рагы менен ооруган 318 учур катталган, бул бул патологиянын сейрек кездешкендигин көрсөтүп турат. Шилекей безинин рагы менен ооруган эркек менен аялдын катышы төмөнкүдөй болгон-166 эркек жана 152 аял же 1,09, б.а. дээрлик бирдей болгон.

*Жыйынтыктар.* Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн анализи көрсөткөндөй, аман калууга байланыштуу бардык байкоолордон нур терапиясын 7,8% гана алган. Эки жылдык жашоо деңгээли 94,2±2,4%. барабар болгон. Кийинки төртүнчү жылы, нур терапиясын гана алган бейтаптардын жашоо деңгээли 64,8±5,7% ды түздү, беш жылдык жалпы жашоо узактыгы 52,9±6,5% га барабар. Белгилей кетүүчү нерсе, радиотерапияны атайын дарылоо жана монотерапия түрүндө алган бейтаптар негизинен, шишиктин акыркы стадиялары менен – үчүнчү жана төртүнчү. Хирургиялык жана нур терапиясы түрүндөгү айкалышкан дарылоону бейтаптарынын 61,6% алган. Алар негизинен оорунун экинчи жана үчүнчү стадиялары бар бейтаптар болгон. Жалпы жашоо узактыгы эки жылды түздү - - 91,9±2,7%. Айкалышкан терапияны (хирургия жана нур терапиясы) алган шилекей безинин рагы бейтаптарынын жалпы беш жылдык жашоо деңгээли - 71,9±4,2% га барабар болгон. Бул көрсөткүч атайын терапиянын ар кандай түрлөрүн алган пациенттердин топторунун арасында эң жогору болгон. Шилекей безинин рагы болгон бейтаптар нур терапиясын жана химиотерапияны алган айкалыштырылган дарылоо байкоолордун 12,3% гана. Атайын дарылоонун бул түрүн алган бейтаптардын жалпы беш жылдык өмүрү 66,7±5,5%га барабар болгон. Шилекей безинин рагын симптоматикалык дарылоо гана, бейтаптардын 16,4% ы жүргүзүлгөн. Бул топтогу бейтаптардын жалпы жашоо узактыгы (5 жыл) 58,3±5,9% түздү. Шилекей безинин рагын дарылоодон кийин рецидивдердин жалпы саны - 15,3%, айкалышкан ыкмадан кийин - 11,1%, радиотерапия жана химиотерапия - 22,2%, бир гана нур терапиясы - 29,4% байкоо. Моюн лимфа түйүндөрүнүн катышуусу жок болгон учурда эки жылдык жашоо деңгээли - 96,7±1,7% статистикалык жактан кыйла жогору болгон- жана 64,3±6,0% ($P<0,05$). Беш жылдык аман калуу боюнча маалыматтарды талдоо метастаздар болгондо алынган эң төмөнкү көрсөткүчтөр - 17,1±7,4% ды түздү жана бул айырма башка бардык байкоо жылдарына салыштырмалуу статистикалык жактан маанилүү болгон.

*Корутунду.* шилекей безинин рагын дарылоонун эң эффективдүү ыкмасы катары таанылган - хирургия жана нур терапиясын камтыган айкалышкан.

***Сведения об авторах:***
***Жумабаев Амангелди Рахмадилдеевич** - доктор медицинских наук, профессор, заместитель директора Национального центра онкологии и гематологии по организационно-методической работе.*
*Эл.почта: jumabaev61@mail.ru*
*Контактный телефон: 0552 313 991*
*ORCID:https//orcid.org/0000-0002-9073-1127*
***Мамажакып уулу Жаныбай** - кандидат медицинских наук, доцент, кафедра хирургической стоматологии медицинского факультета Ошского государственного университета.*
*Эл.почта: jmamajakypuulu0@gmail.ru*
*Контактный телефон: 996559000562*
***Рыспекова Чинара Дарбековна** – кандидат медицинских наук, доцент, Кыргызская государственная медицинская академия имени И.К.Ахунбаева.*
*Эл.почта: chin-dar@mail.ru*
*Контактный телефон: 0550 649 871*
*ORCID:https//orcid.org/0009-0007-5764-2927*